*Тиркеме*

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 “2026–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтомун ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин (мындан ары – Агенттик) иш-чаралар планынын 2026-жылдын II кварталына**

# МААЛЫМАТ

2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планында **4-глава, 19 пункт жана 30 иш-чара каралган. 2026-жыл - 10 иш-чара, 2027-жыл - 3 иш-чара, 2026-2027-жылдарга – 11 иш-чара, Дайыма - 1 иш-чара.**

Аталган иш-аракеттер планында **Агенттикке жалпы 11-пункттан** турган тапшырмалар жүктөлгөн. **Жалпы 22 иш-чара**

- Негизги аткаруучу катары – **(1-глава) 8 жана 11-пункттар каралган. Аткаруу мөөнөтүү 2026-2027-жылдар.**
- Тең аткаруучу катары **– (1-глава) 1.5., 3., 4., 5. жана 6. (2-глава) 1.1.,1.2.,1.3., 2., 3. жана 4. (3-глава) 2-пункттар каралган.**
- Маморгандар **- (1-глава) 1.1., 1.2., 1.3., 1.4. 2., 3-пункттар. (2-глава) 1-пункт, (3-глава) 2-пункт.**

| № | Милдеттер | Иш-чаралардын аталышы | Ишке ашыруу мөөнөттөрү | Ишке ашыруунун натыйжалары (аткарылган иштер) | Статусу: башталган жок; жүрүп жатат; жарым-жартылай аткарылган; аткарылган; аткарылган эмес | Аткарылбай калуунун же жарым-жартылай аткаруунун себептери | Иш-чаралард ы каржылоо (суммасы сом менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| **1-глава. Маалыматтык-агартуу иштери** | | | | | | | |
| | Коррупцияга каршы улуттук маалыматтык | 1. Коррупция келтирген зыян жана анын | 2026-жылдын 1-кварталы | Агенттиктин расмий Фейсбук, Instagram социалдык тармактарындагы баракчасына жана расмий сайтында мамлекеттик жана | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өнөктүктү жүргүзүү | алдын алуу жолдору жөнүндө маалыматтык материалдарды (видеороликтер, инфографика) иштеп чыгуу | | муниципалдык кызматчылардын көңүлүн коррупцияга каршы талаптарды так сактоого багытталган, жасалма интеллект аркылуу даярдалган маалыматтык видеоролик жайгаштырылды.<br>Аталган видеороликте коррупция келтирген зыян жана анын алдын алуу жолдору жөнүндө маалыматтар берилди. Анда коррупция коомдун өнүгүүсүнө тоскоол болгон олуттуу коркунуч экени белгиленип, ар бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы мыйзамдуулукту сактоого жана коррупцияга каршы турууга милдеттүү экендиги көрсөтүлдү. Ошондой эле кызматчылардын жүрүм-туруму коомчулукка түздөн-түз таасир этери, алардын негизги милдети элге ак ниет жана адилет кызмат көрсөтүү экендиги баса белгиленди. Мындан тышкары, видеоматериалда коррупциялык кырдаалдар жана анын терс кесепеттери чагылдырылып, кызматкерлер тарабынан ачыктыкты, жоопкерчиликти жана таза иштөөнү кармануунун зарылдыгы белгиленди.<br>https://www.facebook.com/share/r/1HeWweTXge/?mibextid=wwXIfr | | | |
| | | 2.Иш-чаралар комплексин ишке ашыруу: ЖМК жана медиа-коомчулуктун башка | 2026-2027-жылдар, | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 токтому менен бекитилген 2026–2027-жылдарга коррупцияга каршы маалыматтык саясатты ишке ашыруунун алкагында, ошондой эле мыйзамдуулук, ачыктык жана | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | өкүлдөрүнүн катышуусу менен социалдык тармактарда социалдык жарнама, видеороликтер, челленджлер жана флешмобдор, хештег-өнөктүк #ТазаКыргызстан, #МенПараБербейм, #МенПараАлбайм, коррупциянын фактылары жөнүндө билдирүүлөр үчүн QR-коддору менен баннерлерди жана инфографикаларды жайгаштыруу | | объективдүүлүк принциптерин камсыз кылуу максатында, Агенттик мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын коррупцияга каршы мыйзамдардын талаптарын так сактоосуна өзгөчө көңүл бурат аттуу #ТазаКыргызстан, #МенПараБербейм, #МенПараАлбайм маалымат хештег-өнөктүк Агенттиктин Facebook жана Instagram социалдык тармактарындагы баракчаларында, ошондой эле расмий сайтында чыгарылган:<br>https://www.facebook.com/share/p/1Cnuc6tMQn/<br>https://www.facebook.com/share/p/1Edzd8wBju/<br>https://www.instagram.com/p/DaS0EuVDS6D/?igsh=MWt5MHJhdW52bng5Mw==<br>https://mkk.gov.kg/ru/category/%d0%bd%d0%be%d0%b2%d0%be%d1%81%d1%82%d0%b8/<br>Маалыматтык кампаниянын жүрүшүндө, коррупция - коомдун туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу тоскоолдук жараткан терс көрүнүш. Ал мамлекеттик институттарга болгон ишенимди төмөндөтүп, адилеттүүлүк принциптерине доо кетирет. Ошондуктан ар бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы мыйзам талаптарын так сактап, коррупцияга каршы аракеттерге жоопкерчиликтүү мамиле кылууга тийиш. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын жүрүм-туруму коомчулуктун мамлекеттик башкарууга болгон ишенимин калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ар бир кызматкер өз милдетин аткарууда мыйзамдуулукту, ачыктыкты, жоопкерчиликти жана ак ниеттүүлүктү жетекчиликке алып, жарандарга адилет жана сапаттуу кызмат көрсөтүүгө милдеттүү экендиги белгиленди.<br>Агенттик массалык маалымат каражаттары аркылуу коомчулук менен байланыштарды чыңдоо багытында, коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жарыялап, активдүү иш алып барууда.<br>Коррупциянын алдын алуу багытында төмөнкү маалыматтык материалдар жана иш-чаралар жарыяланган жана ишке ашырылган:<br>- Мамлекеттик органдардагы этика боюнча комиссиялардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүлдү – 15-июнь, 2026-ж.;<br>- Токмок шаарында коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча семинар өткөрүлдү – 8-июнь, 2026-ж.;<br>- Агенттик Баткен шаарында окутуучу семинар өткөрдү – 8-июнь, 2026-ж.;<br>- Агенттик Талас шаарында окутуучу семинар өткөрдү – 3-июнь, 2026-ж.;<br>- “Коррупцияга жол жок!” – 26-май, 2026-ж.;<br>-Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу иштери жүргүзүлдү – 25-май, 2026-ж.;<br>- Мониторинг жана мыйзамдуулукту контролдоо бөлүмүнүн 2026-жылдын I | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | чейрегиндеги жыйынтыгы чыгарылды – 16-май, 2026-ж.;<br>-“Коррупцияга каршы мыйзамдарды сактоо – ар бир кызматчынын милдети” аттуу маалыматтык материал жарыяланды – 2-апрель, 2026-ж.<br>- Кызматчылардын этикасы https://www.facebook.com/share/v/1BqBLZGuar/<br>-Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этикасы, коррупцияга каршы аракетенүүнүн башаты https://www.facebook.com/share/v/1LjkLWe72S/<br>- Спутник радиосу, Жаңы талап: эми жетекчилердин ишине эл баа берет https://sputnik.kg/20260611/1101821242.html<br>- Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, кызматтык этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча окутуу өткөрүлдү https://mkk.gov.kg/ru/2026/06/24<br>Жогоруда баяндалгандарга ылайык, Агенттик коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу, мамлекеттик кызматкерлердин этикасын чыңдоо жана коомчулук менен ачык байланыштарды камсыз кылуу багытында системалуу иштерди жүргүзүп келерин билдирет. | | | |
| | | 3.Коррупциянын кесепеттерине жана аны жок кылуунун | 2026-жылдын | Коррупциянын кесепеттери жана аны жоюунун маанилүүлүгүн коомчулукка жеткирүү максатында Агенттиктин кызматкерлеринин катышуусунда | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | маанилүүлүгүнө, анын ичинде коррупциялык кырдаалдардын сценарийлерин көрсөтүү үчүн дипфейк технологияларына арналган ЖИ-генерацияланган аудио жана видео контентти түзүү жана жайылтуу. Материалдарды мамлекеттик телеканалдарга, социалдык тармактарга жана корпоративдик платформаларга интеграциялоо | 1-2-кварталдары | “Биздин жол – коррупциясыз өлкө!” аттуу видеоролик даярдалды.<br>Видеороликте улуу жазуучулардын учкул ойлору, кыргыз элинин макал-лакаптары жана накыл сөздөрү колдонулду. Даярдалган видеоролик Агенттиктин расмий Facebook жана Instagram социалдык тармактарындагы баракчаларында, ошондой эле расмий веб-сайтында жарыяланды https://www.facebook.com/share/r/14gntbmNrq8/<br><br>Жана ЖИ-генерацияланган видео https://www.facebook.com/share/r/1DF6zjR3Y8/ (1-квартал) | | | |
| | | 4. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун расмий сайттарында коррупцияга каршы контентти жайгаштыруу жана жаңылоо | Дайыма | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы №29 “2026–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтомун ишке ашыруу максатында, Агенттикке тиешелүү пункттар боюнча иш-план иштелип 2026-жылы 23-февралында бекитилген жана Агенттиктин расмий сайтындагы | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | https://mkk.gov.kg/ru/ “Антикоррупциялык иш” бөлүмүнө жайгаштырылды. 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 01-25/101 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүмүн жана штаттык ырааттамасын бекитүү жөнүндө” буйругунун негизинде 2026-жылы 24-июнунда № 01-23/188 буйрук менен Иш план кайрадан бекитилди. Ошондой эле Агенттик тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча расмий веб-сайттарында тиешелүү бөлүм ачуу жана маалыматтарды жайгаштыруу боюнча иш-чаралар планын аткарууга алуу максатында, 2026-жылдын 15-майындагы № 01-13/562 расмий кат жөнөтүлгөн. | | | |
| | | 5. Этикалык жүрүм-турумду жайылтуу жана сот, көзөмөл жана укук коргоо органдарынын, укук коргоо органдарынын тергөөчүлөрүнүн жана аскер прокуратурасынын ишин чагылдыруу | 2026-2027-жылдар | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинин негизинде Агенттик “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этикасы, коррупцияга каршы аракетенүүнүн башаты боюнча” ызматчылардын этикасы видеролик чыгарылды. #Коррупциягажолжок #Мамлекеттикмуниципалдыккызмат #Кызматчылардынэтикасы https://www.facebook.com/share/v/1LjkLWe | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 72S/ https://www.facebook.com/share/v/1BqBLZGuar/ Ошондой эле Жаңы талап: эми жетекчилердин ишине эл баа беретhttps://sputnik.kg/20260611/1101821242.html Спутник радиосуна маалымат берилген. Ал эми Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, кызматтык этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча окутуу өткөрүлдү https://mkk.gov.kg/ru/2026/06/24 жана маалыматтар Агенттиктин сайттарына жайгаштырылды. | | | |
| 2 | Ар кандай максаттуу топтордун арасында коррупцияга каршы тема боюнча тематикалык конкурстарды жана демилгелерди уюштуруу | Чыгармачылык иштердин, видеороликтердин, инфографикалардын, эсселердин, социалдык долбоорлордун ж.б. конкурстарын өткөрүү, андан кийин мыкты материалдарды ЖМК, мамлекеттик органдардын расмий сайттары жана | 2026-2027-жылдар, | - Агенттик тарабынан “Уңгу жол жана мамлекеттик кызматтын өнүгүүсү: Мамлекеттик тилди өркүндөтүү, коррупцияга каршы саясат жана коомдук аң-сезимди чыңдоо” боюнча тегерек стол өткөрүлдү. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин катчысынын орун басары Шабанов Радик Раимбекович катышып, “Ачыктык – биздин улуттук дем, коррупциясыз кызмат – биздин дүйнөлүк бийиктик!” темасында презентация жасады. Презентациянын жүрүшүндө кызматкерлер менен коррупцияга каршы саясатты өркүндөтүү, ачык-айкындуулукту камсыз кылуу жана кызматтык этиканы чыңдоо маселелери боюнча ой-пикир алмашуу | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | санариптик платформалар аркылуу жайылтуу | | уюштурулду.https://www.facebook.com/share/v/1GgBHhuipR/<br>- Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл өкмөтүнүн базасында 2026-жылдын 17-апрелинде республикалык семинар-кеңешме Агенттик тарабынан уюштурулуп, өткөрүүлгөн.<br>Ош, Баткен жана Жалал-Абад облусунун мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин арасында “Акыл Майдан” интеллектуалдык долбоору уюштурулган. Долбоорго ар бир облустан 6 адамдан турган команданын курамына эки айыл өкмөт башчысы, жергиликтүү кеңештин төрагасы жана муниципалдык кызматкерлер катышкан. https://www.facebook.com/share/v/1bzeRcXWHs/<br>https://youtu.be/9ABOeQWAM0M?si=I1PMGPSi5VP0Hxfw<br>Иш-чаранын негизги максаттары: Улуттук баалуулуктарды сактоо жана мамлекеттик тилдин ролун күчөтүү, мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу, коомдук аң-сезимди жогорулатуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын адилеттүүлүк, абийирдүүлүк жана жоопкерчилик принциптерин бекемдөө.<br>- Ошондой эле республика боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча окутуу өткөрүлүп жатат. | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Окутуунун негизги максаты кызматкерлердин кесиптик билим деңгээлин жогорулатуу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын терең түшүндүрүү, ошондой эле кызматтык ишмердүүлүктө ачык-айкындуулукту, жоопкерчиликти жана жогорку этикалык стандарттарды бекемдөө болду.<br>Окутуунун жүрүшүндө мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин ишин баалоонун негизги критерийлери, кызматтык этиканын принциптери жана коррупциялык тобокелдиктердин алдын алуу механизмдери боюнча кеңири маалымат берилди. Ошондой эле кызматтык милдеттерди аткарууда мыйзам талаптарын так сактоонун мааниси өзгөчө белгиленди.<br>Иш-чара интерактивдүү форматта өтүп, катышуучулар тарабынан тренерге кызыктырган суроолор берилип, аларга кеңири жана мазмундуу жооптор сунушталды. Мындай формат катышуучуларга практикалык маселелерди талкуулап, тажрыйба алмашууга жакшы мүмкүнчүлүк түздү. Аталган окутуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга, ошондой эле кесиптик жоопкерчиликти күчөтүүгө багытталган маанилүү кадамдардын бири болуп саналат. | | | |
| 3 | Ар кандай максаттуу | Укуктук сабаттуулук, | 2026-жыл | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 | Иштер жүрүп жатат | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аудиториялар үчүн коррупцияга каршы маалыматтык-билим берүү материалдарын иштеп чыгуу жана жайылтуу | этика, кызыкчылыктардын кагылышуусу, коррупциянын формалары жана кесепеттери боюнча темаларды камтыган инфографикаларды, буклеттерди, подкасттарды, видеороликтерди жана методикалык колдонмолорду мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдоо | | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинин негизинде Агенттик “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этикасы, коррупцияга каршы аракетенүүнүн башаты боюнча” ызматчылардын этикасы видеролик чыгарылды. #Коррупциягажолжок #Мамлекеттикмуниципалдыккызмат #Кызматчылардынэтикасы https://www.facebook.com/share/v/1LjkLWe72S/ https://www.facebook.com/share/v/1BqBLZGuar/ Ошондой эле Жаңы талап: эми жетекчилердин ишине эл баа берет https://sputnik.kg/20260611/1101821242.html Спутник радиосуна маалымат берилген. Ал эми Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, кызматтык этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча окутуу өткөрүлдү https://mkk.gov.kg/ru/2026/06/24 т жана маалыматтар Агенттиктин сайттарына жайгаштырылды. Ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча окутууда презентациялар материалдар даярдалган. https://www.facebook.com/share/r/18t9sL9Bq7/ https://www.facebook.com/share/p/1Req4iUsyt/ | Аткарылууда | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | https://www.facebook.com/share/v/1HZ3DEM6NM/ https://www.facebook.com/share/p/1BMRZkJARY/ https://www.facebook.com/share/p/1EQvQEdBwe/ https://www.facebook.com/share/p/1Btsj8n3A7/ https://www.facebook.com/share/p/191YHPaCsB/ https://www.facebook.com/share/p/1CqZYm4ya8/ | | | |
| 4 | Коррупцияга каршы темаларды формалдуу билим берүү системасына интеграциялоо | Мектептер жана кесиптик билим берүү уюмдары үчүн укуктук сабаттуулук, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерин эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү | 2026-2027-жылдар | Агенттик тарабынан КР Агартуу министрлигине мектептер жана кесиптик билим берүү уюмдары үчүн укуктук сабаттуулук, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерин эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана киргизүүгө көмөк көрсөтөт деп кат жиберилген. | Аткарылган | - | - |
| 5 | Мамлекеттик кызматкерлерди жана адистерди кошумча жана кесиптик окутуу системасына коррупцияга каршы | Судьялар, адвокаттар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана башка категориялар үчүн | 2026-жыл | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 841-р тескемеси менен бекитилген 2026-жылга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча Мамлекеттик заказды аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентине | Аткарылган | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | компонентти киргизүү | лекцияларды, семинарларды, интерактивдүү тренингдерди өткөрүү | | караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды окутуу курстарынын темаларынын тизмесин бекитти.<br>2026-жылга Мамлекеттик заказдын алкагында бардык категориядагы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар үчүн “Мамлекеттик антикоррупциялык саясат” багыты боюнча төмөнкү негизги темалар киргизилди:<br>• Коррупциянын табияты. Теориялык ыкмалар. Коррупциянын натыйжалуу башкарууга тийгизген таасири<br>• Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн эл аралык укуктук инструменттери<br>• Кыргыз Республикасындагы антикоррупциялык саясат<br>• Коррупциялык укук бузууларга каршы аракеттенүүнүн укуктук негиздери жана КРдеги каршы аракеттенүү субъекттери<br>• Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн экономикалык, маданий жана укуктук ыкмалары<br>• Коррупциялык тобокелчиликтерди баалоо жана башкаруу<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кызыкчылыктардын кагылышы<br>• Коррупциянын алдын алууда жарандык коом институттарынын ролу. | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Коррупцияга каршы тематика боюнча интерактивдүү билим берүү ресурстарын түзүү жана илгерилетүү | Санариптик продукттарды (онлайн-курстар, окутуу платформалары, квесттер, стол үстүндөгү жана мобилдик оюндар, видео контент) иштеп чыгуу жана аларды жаштар, айыл тургундары жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер арасында жайылтуу | 2026-жыл | Агенттик КР Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясы жана ААК “Түндүк” менен биргеликте электрондук санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө, анын сыноо режиминде ишке киргизилиши ушул жылдын аягына пландаштырылууда.<br><br>Агенттик тарабынан КР Агартуу министрлигине мектептер жана кесиптик билим берүү уюмдары үчүн укуктук сабаттуулук, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерин эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана киргизүүгө көмөк көрсөтөт деп кат жиберилген. | Иштер жүрүп жатат. Аткарылууда | - | - |
| 8 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн коррупцияга каршы тематика боюнча окутуу иш-чараларын өткөрүү | Этика, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо, адептүүлүк стандарттары маселелери, даттануулардык берүү жана коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо механизмдери | 2026-2027-жылдар, квартал сайын | Агентттик тарабынан аймактык бөлүмдөрдүн кызматкерлерине (акимдерге) 40 адамдын катышуусунда “Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү мамлекеттик уюмдардын ишин мониторинг жүргүзүү” темасынын алкагында, этика, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо, адептүүлүк маселелери жана коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо механизмдери боюнча окуу өткөрүлдү.<br><br>Ошондой эле республика боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо, этика жана | Иштер жүрүп жатат. Аткарылууда. | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча адистештирилген тренингдерди, семинарларды жана курстарды үзгүлтүксүз уюштуруу | | коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча окутуу өткөрүлүп жатат.<br>Окутуунун негизги максаты кызматкерлердин кесиптик билим деңгээлин жогорулатуу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын терең түшүндүрүү, ошондой эле кызматтык ишмердүүлүктө ачык-айкындуулукту, жоопкерчиликти жана жогорку этикалык стандарттарды бекемдөө болду.<br>Окутуунун жүрүшүндө мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин ишин баалоонун негизги критерийлери, кызматтык этиканын принциптери жана коррупциялык тобокелдиктердин алдын алуу механизмдери боюнча кеңири маалымат берилди. Ошондой эле кызматтык милдеттерди аткарууда мыйзам талаптарын так сактоонун мааниси өзгөчө белгиленди.<br>Иш-чара интерактивдүү форматта өтүп, катышуучулар тарабынан тренерге кызыктырган суроолор берилип, аларга кеңири жана мазмундуу жооптор сунушталды. Мындай формат катышуучуларга практикалык маселелерди талкуулап, тажрыйба алмашууга жакшы мүмкүнчүлүк түздү. Аталган окутуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга, ошондой эле кесиптик жоопкерчиликти күчөтүүгө багытталган маанилүү кадамдардын бири болуп саналат. | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | https://www.facebook.com/share/r/18t9sL9Bq7/<br>https://www.facebook.com/share/p/1Req4iUsyt/<br>https://www.facebook.com/share/v/1HZ3DEM6NM/<br>https://www.facebook.com/share/p/1BMRZkJARY/<br>https://www.facebook.com/share/p/1EQvQEdBwe/<br>https://www.facebook.com/share/p/1Btsj8n3A7/<br>https://www.facebook.com/share/p/191YHPaCsB/<br>https://www.facebook.com/share/p/1CqZYm4ya8/<br>“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 841-т тескемеси менен бекитилген 2026-жылга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча Мамлекеттик заказды аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды окутуу курстарынын темаларынын тизмесин бекитти. 2026-жылга Мамлекеттик заказдын алкагында бардык категориядагы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар үчүн “Мамлекеттик антикоррупциялык саясат” багыты боюнча | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 600 кызматкер 1368 академиялык саатка окутуу пландаштырылган. 2026-жылдын июнь айына карата 21 курс өткөрүлүп, 163 кызматкер окуудан өткөн.<br>Ошондой эле Агенттик тарабынан 2026-жылдын 25-майынан 12-июнуна чейин региондордо жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчылары үчүн графикке ылайык окутуучу семинарлар уюштурулду. Бул семинарларга ар бир айыл өкмөтүнөн үчтөн муниципалдык кызматчы жана айылдык кеңештин төрагалары, ошондой эле райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары (экономика багыты боюнча), жалпысынан 631 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер катышты. Курстар менен семинарлардын негизги максаты – мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик билимин өркүндөтүү, башкаруу көндүмдөрүн бекемдөө жана мамлекеттик кызматтын натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат.<br>Ал эми Агенттик тарабынан “Уңгу жол жана мамлекеттик кызматтын өнүгүүсү: мамлекеттик тилди өркүндөтүү, коррупцияга каршы саясат жана коомдук аң-сезимди чыңдоо” аттуу тегерек столу | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | өткөрүлгөн. Аталган тегерек столго “Ачыктык – биздин улуттук дем, коррупциясыз кызмат – биздин дүйнөлүк бийиктик!” боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин катчысынын орун басары өзүнүн докладын жасап түшүндүрүү иштерин жүргүздү. | | | |
| 11 | Региондордо коррупцияга каршы күн тартибин илгерилетүү | Жергиликтүү бийликтин жана коомчулуктун катышуусу менен көчмө маалымат сессияларын жана ачык эшик күндөрүн уюштуруу | 2026-2027-жылдар | Агенттик тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча расмий веб-сайттарында тиешелүү бөлүм ачуу жана маалыматтарды жайгаштыруу боюнча иш-чаралар планын аткарууга алуу максатында, 2026-жылдын 15-майындагы № 01-13/562 расмий кат жөнөтүлгөн.<br><br>- 2026-жылдын 17-июнунда Кара-Балта шаарындагы В. Ленин атындагы Маданият үйүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеши менен биргеликте коррупцияга каршы багыттагы семинар өткөрүлдү. Семинардын жүрүшүндө Кара-Балта шаарынын, ошондой эле Жайыл, Панфилов жана Москва райондорунун мамлекеттик органдарынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн 170тен ашуун кызматкерине Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамынын талаптары боюнча кеңири | Иштер жүрүп жатат. Аткарылууда | - | - |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | түшүндүрмөлөр берилип, коррупциянын алдын алуу жана<br>жоопкерчилик маселелери каралды.<br>- 2026-жылдын 15-июнунда Токмок шаарынын мэриясынын чоң<br>жыйындар залында Кыргыз Республикасынын Президентине<br>караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеши жана Токмок<br>шаарынын мэриясы менен биргеликте калктын укуктук<br>маалымдуулугун жогорулатуу жана коррупцияга каршы маданиятты<br>калыптандыруу боюнча семинар өткөрүлдү. Иш-чарага Токмок<br>шаарынын, Кемин, Чүй жана Аламүдүн райондорунун мамлекеттик<br>жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 150-170ке<br>жакын кызматкери катышып, коррупцияга каршы аракеттенүү механизмдери боюнча маалымат алышты. Бул иш-чаралар мамлекеттик кызматкерлердин укуктук сабаттуулугун<br>жогорулатууга жана региондордо коррупцияга каршы туруктуу<br>маданиятты калыптандырууга багытталган.<br>- 2026-жылдын февраль айында Жалал-Абад облусунун Токтогул районунда жана Кара-Көл шаарында, апрель айында Баткен облусунун Сүлүктү жана Раззаков шаарларында, июнь айында Ош шаарынын Сулайман-Тоо, Жибек-Жолу жана Курманжан-Датка муниципалдык аймактык башкармалыктарында (МАБ) | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жыйындар өткөрүлдү. Аталган жыйындарга жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери, эмгек ардагерлери, аялдар кеңештеринин өкүлдөрү, кварталдык комитеттердин төрагалары, аксакалдар сотторунун мүчөлөрү, жаштар комитеттеринин өкүлдөрү жана жергиликтүү тургундар катышышты. Жыйындардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мамлекеттик саясатынын негизги багыттары, мамлекеттик программанын максаттары жана милдеттери, коррупциянын алдын алууда коомчулуктун ролу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, мыйзамдуулукту бекемдөө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этикалык жүрүм-турум ченемдерин сактоо маселелери боюнча кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле катышуучулар менен коррупциялык көрүнүштөргө карата коомдо келишкис мамилени калыптандыруу, жарандардын укуктук аң-сезимин жогорулатуу, мамлекеттик органдар менен жарандык коомдун өз ара кызматташуусун чыңдоо боюнча пикир алышуулар өткөрүлүп, сунуштар айтылды. Өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгында мамлекеттик программанын алкагындагы маалыматтык саясатты мындан ары да активдүү | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жүргүзүү, калк арасында коррупцияга каршы түшүндүрүү иштерин күчөтүү жана бардык кызыкдар тараптардын өз ара кызматташуусун кеңейтүү боюнча тиешелүү сунуштар берилди. | | | |
| **2-глава. Мамлекеттик органдардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу** | | | | | | | |
| 12 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан этика ченемдерин системалуу сактоону камсыз кылуу, аларда коррупцияга каршы туруктуу баалуулуктарды калыптандыруу жана кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этика боюнча комиссияларынын ишинин натыйжалуулугуна жыл сайын мониторинг жана талдоо жүргүзүү, андан ары жыйынтыктарын жарыялоо жана сунуштамалардын иштеп чыгуу менен | 2026–2027-жылдар | Агенттиктин 2026-жылдын 24-мартында “Этика комиссиясынын отчеттуулук формасын бекитүү жөнүндө” № 01–25/86 буйругу бекитилген. Аталган буйрукта “Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы этика комиссиясынын ишмердүүлүгү жөнүндө отчет” формасына ылайык, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жыл сайын бекитилген отчет формасына ылайык, отчеттук жылдан кийинки айдын 5-күнүнө чейин Агенттикке этика комиссияларынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү экени көрсөтүлгөн.<br>Ошондой эле буйрукка ылайык, Агенттик отчеттук жылдан кийинки айдын 10-күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жыйынтык маалыматты даярдап, жөнөтүүгө милдеттүү деп белгиленген.<br>Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары Агенттиктин расмий сайтында жайгаштырылды. | Аткарылды. | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | https://mkk.gov.kg/ru/2026/06/15/%d0%b2-%d0%b3%d0%be%d1%81%d1%83%d0%b4%d0%b0%d1%80%d1%81%d1%82%d0%b2%d0%<br>b5%d0%bd%d0%bd%d1%8b%d1%85-%d0%be%d1%80%d0%b3%d0%b0%d0%bd%d0%b0%d1%85-%d0%bf%d1%80%d0%be%d0%b2%d0%b5%d0%b4%d0%b5%d0%bd-%d0%bc/ | | | |
| | | 2. ЖМКны жана интернет-ресурстарды пайдалануу менен кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу жана этикалык ченемдерди сактоосу жөнүндө маалыматтык-пропагандалык иштин атайын программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 2026–2027-жылдар | Агенттиктин расмий Фейсбук, Instagram социалдык тармактарындагы баракчасына жана расмий сайтында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын көңүлүн коррупцияга каршы талаптарды так сактоого багытталган, жасалма интеллект аркылуу даярдалган маалыматтык видеоролик жайгаштырылды.<br>Аталган видеороликте коррупция келтирген зыян жана анын алдын алуу жолдору жөнүндө маалыматтар берилди. Анда коррупция коомдун өнүгүүсүнө тоскоол болгон олуттуу коркунуч экени белгиленип, ар бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы мыйзамдуулукту сактоого жана коррупцияга каршы турууга милдеттүү экендиги көрсөтүлдү.<br>Ошондой эле кызматчылардын жүрүм-туруму коомчулукка түздөн-түз таасир этери, алардын негизги милдети элге ак ниет жана адилет кызмат көрсөтүү экендиги баса белгиленди.<br>Мындан тышкары, видеоматериалда коррупциялык кырдаалдар жана анын терс | Аткарылууда | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | кесепеттери чагылдырылып, кызматкерлер тарабынан ачыктыкты, жоопкерчиликти жана таза иштөөнү кармануунун зарылдыгы белгиленди. | | | |
| | | 3.Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу, коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана этикалык ченемдерди сактоо маселелери боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды коррупцияга каршы окутуу (квалификациясын жогорулатуу) системасын киргизүү жана жүргүзүү | 2026-жылдын 1-кварталы | “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 841-т тескемеси менен бекитилген 2026-жылга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча Мамлекеттик заказды аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды окутуу курстарынын темаларынын тизмесин бекитти. 2026-жылга Мамлекеттик заказдын алкагында бардык категориядагы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар үчүн “Мамлекеттик антикоррупциялык саясат” багыты боюнча 600 кызматкер 1368 академиялык саатка окутуу пландаштырылган. 2026-жылдын июнь айына карата 21 курс өткөрүлүп, 163 кызматкер окуудан өткөн.<br>Ошондой эле Агенттик тарабынан 2026-жылдын 25-майынан 12-июнуна чейин региондордо жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын | Аткарылды | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2026-2027-жылдар | кызматчылары үчүн графикке ылайык окутуучу семинарлар уюштурулду. Бул семинарларга ар бир айыл өкмөтүнөн үчтөн муниципалдык кызматчы жана айылдык кеңештин төрагалары, ошондой эле райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары (экономика багыты боюнча), жалпысынан 631 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер катышты. Курстар менен семинарлардын негизги максаты – мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик билимин өркүндөтүү, башкаруу көндүмдөрүн бекемдөө жана мамлекеттик кызматтын натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат.<br>Агенттик Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясы жана ААК “Түндүк” менен биргеликте электрондук санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүүдө, анын сыноо режиминде ишке киргизилиши ушул жылдын аягына пландаштырылууда. | Иштер жүрүп жатат | | |
| 2 | Ачык маалыматтар системаларын өнүктүрүү жана | Милдеттүү маалыматтардын тизмегин, жарыялоо | 2026-жыл | Агенттик тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана | Иштер жүрүп жатат | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ачык-айкындуулук стандарттарын киргизүү | мөөнөттөрүн жана форматтарын кошо алганда, мамлекеттик органдар жана ЖӨБО үчүн ачыктыктын минималдуу стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү.<br><br>Ачык маалыматтар порталында машинада окула турган форматтарда маалыматтарды (сатып алуулар, бюджет, лицензиялар, текшерүүлөр ж.б.) жайгаштырууну камсыз кылуу.<br>Көз карандысыз эксперттердин жана коомдук уюмдардын катышуусу менен стандарттардын аткарылышына | <br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>2027-жыл<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>2026-2027-жылдар | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коомчулук алдында отчет берүүсүнүн жана ачыкайкындуулугунун жана бирдиктүү стандарты жөнүндө" тескемесинин долбоору иштелип чыккан. Бирок бүгүнкү күндө кайрадан министрликтер менен макулдашууда. | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү | | | | | |
| 3 | Ачык отчеттуулуктун визуалдаштырылган жана түшүнүктүү формаларын киргизүү | “Жарандар үчүн” ачык отчеттуулуктун бирдиктүү стандартын бекитүү.<br><br>Мамлекеттик органдардын ишинин негизги натыйжалары боюнча инфографикаларды, дайджесттерди, видеороликтерди, интерактивдүү панелдерди (дашборддорду) даярдоо жана жарыялоо.<br><br>Отчетторду расмий | 2026-жылдын 1-квартапы<br><br>2026-жылдын 3-квартапы<br><br>2027-жыл | Агенттик тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коомчулук алдында отчет берүүсүнүн жана ачыкайкындуулугунун жана бирдиктүү стандарты жөнүндө” тескемесинин долбоору иштелип чыккан. Бирок бүгүнкү күндө кайрадан министрликтер менен макулдашууда.<br><br>Агенттиктин расмий сайтындагы https://mkk.gov.kg/ru/ “Антикоррупциялык иш” бөлүмүндө коррупцияга каршы аракеттер боюнча маалыматтар, тиешелүү иш пландар жана отчеттор системалуу түрдө жайгаштырылат. Мындан тышкары, Агенттик тарабынан даярдалган маалымдамалар расмий Фейсбук жана Инстаграм социалдык тармактар аркылуу жарыяланып, коомчулук үчүн жеткиликтүүлүк камсыздалууда.<br><br>Ошондой эле Агенттик тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча өз сайттарында тиешелүү бөлүм ачуу жана | Иштер жүрүп жатат<br><br>Иштер жүрүп жатат | -<br><br>- | -<br><br>- |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сайттарга жана санариптик ресурстарга жайгаштырууну камсыз кылуу | | маалыматтарды жайгаштыруу жөнүндө каттар жөнөтүлдү. | | | |
| 4 | Үзгүлтүксүз онлайн-брифингдерди уюштуруу жана жыйналыштарды н материалдарын жарыялоо | Мамлекеттик органдардын жетекчилерини н квартал сайын онлайн-брифингдер жана пресс-конференцияла р практикасын киргизүү.<br><br>Коллегияларды н, жумушчу топтордун жана консультативди к органдардын жыйналыштары нын видеожазуулар ын, протоколдорун жана чечимдерин жайгаштыруу (мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен) | 2026-2027-жылдар | Агенттик өз компетенциясынын чегинде басма сөз кызматынын 2026-жылга карата иш-планынын жана Медиа-пландын алкагында коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу маалыматтарды коомчулукка үзгүлтүксүз жеткирип келет.<br><br>Жарандар менен түз байланыш түзүү жана алардын маалымдуулугун жогорулатуу максатында Агенттиктин жетекчилеринин жарандарды кабыл алуусу тууралуу маалыматтар Агенттиктин расмий веб-сайтындагы **“Күн тартибинде”** маалыматтык бөлүмүндө https://mkk.gov.kg/, ошондой эле расмий Facebook жана Instagram социалдык тармактарындагы https://www.facebook.com/share/1BTo7q9JUq/ https://www.instagram.com/gagsmsu.gov.kg?igsh=Zm0wMm1vMHNkbW5t баракчаларында үзгүлтүксүз жарыяланып турат. Мындан тышкары, Агенттиктин жетекчилери, түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчылары жана кызматкерлери жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу пресс-маектерди берип, коомчулук менен байланышты чыңдоо жана коррупцияга | Иштер жүрүп жатат<br><br>Иштер жүрүп жатат | -<br><br>- | -<br><br>- |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | каршы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын түшүндүрүү боюнча маалыматтык иштерди жүргүзүп келишет.<br><br>Ошондой эле тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен онлайн жана офлайн форматтарында кеңешмелер, жолугушуулар жана видеоконференциялар үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.<br><br>Жогоруда көрсөтүлгөн иш-чаралардын алкагында коррупцияга каршы мамлекеттик маалыматтык саясатты ишке ашыруу максатында маалыматтык-түшүндүрүү иштери системалуу негизде жүргүзүлүүдө. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу, кызматтык этиканын ченемдерин сактоо жана коррупцияга каршы маданиятты жайылтуу боюнча тиешелүү иштер туруктуу негизде жүргүзүлүп жатат. | | | |
| **3-глава. Кайтарым байланыштын санариптик каналдарын өнүктүрүү** | | | | | | | |
| 2 | ЖИ жардамы менен аудиторияны интерактивдүү тартуу | Коррупция жөнүндө суроолорго жооп берген, укуктук маалымат берген жана бузуулар аныкталганда каякка | 2026-жылдын I жарым жылдыгы | Агенттиктин расмий веб-сайтында https://mkk.gov.kg/ мамлекеттик тилдеги бөлүгүндө **“МКЖӨБМА”**, ал эми расмий тилдеги бөлүгүндө **“ГАГСМСУ”** чат-боттору иштелип чыгып, пайдаланууга берилди. Чат-боттор Агенттиктин Жобосуна ылайык жарандардын кайрылууларын кароо, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз | Аткарылды. | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кайрылуу керектигин түшүндүргөн чат-ботту түзүү;<br><br>коррупциялык тобокелдиктер жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу максатында кызматкерлер үчүн онлайн-викториналарды жана тесттерди иштеп чыгуу | 2027-жылдын I жарым жылдыгы | кылуу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат маселелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, ошондой эле коррупцияга каршы аракеттенүү жана кызматтык этика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу багытында өзүнүн компетенциясынын чегинде жарандардын суроолоруна жооп берүү жана маалыматтык-консультациялык колдоо көрсөтүү максатында колдонулууда. Учурда аталган чат-боттор аркылуу маалымат берүү иши жүргүзүлүп жатат жана толукталууда.<br><br>Мындан тышкары, жарандардын кайрылууларына өз убагында жооп берүү жана маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында WhatsApp платформасы аркылуу да байланыш камсыздалып, тиешелүү суроолор боюнча түшүндүрмөлөр жана консультациялар үзгүлтүксүз берилип келет. | | - | - |

**Колдонулган кыскартуулар:**

| | | |
|---|---|---|
| **АИК** | - | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңештин катчылыгы |
| **ПА** | - | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы |
| **КРП караштуу МБА** | - | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы |
| **бизнес-коомчулук** | - | бизнес-коомчулук институттары |
| **ЖС** | - | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту |
| **ЖОЖ** | - | жогорку окуу жайлары |
| **ЖС караштуу СЖМ** | - | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби |
| **Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик** | - | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик |
| **ЖАМК** | - | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **МСК** | - | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы |
| **УКМК** | - | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети |
| **БП** | - | Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы |
| **ЖКИ** | - | жарандык коом институттары |

| | |
|---|---|
| **Агартуумин** | - Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги |
| **ИЖБИМ** | - Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги |
| **ИИМ** | - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| **ММЖСМ** | - Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги |
| **Курулуш министрлиги** | - Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги |
| **ССМ** | - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |
| **ЭСКММ** | - Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| **СӨИТМ** | - Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги |
| **ЭКМ** | - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги |
| **ЮМ** | - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги |
| **СДУИ** | - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институту |
| **ӨЭУ** | - өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдар |
| **ЖӨБО** | - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| **КРП облустардагы ЫУӨ** | - Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү |
| **Финкөзөмөл** | - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| **ЖМК** | - жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **КАЫМО** | - коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган |
| **Эксперттер** | - көз карандысыз эксперттер |